Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБнын МЭЖне №02-002-2021-015288 саны менен катталган материалдар боюнча

**маалымат**

2021-жылдын 11-июлунда Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБна Кыргыз Республикасынын борбордук шайлоо комиссиясынан №1240 шайлоо участкасында «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясы тарабынан шайлочуларды “Мерседес-Бенц Спринтер” үлгүсүндөгү автоуна менен ташып жатат деген маалымат келип түшкөн.

Аталган маалымат Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБнын маалыматтардын электрондук журналины №02-002-2021-015288 саны менен катталган.

Маалыматты текшерүү ирээтинде Бишкек шаарынын, Ак-Босого ж.к., Профессора Зимы №235 дарегинде жайгашкан «Алтынай» бала-бакчасында орун алган №1240 шайлоо участкасына Биринчи май РИИБнын документтештирүү тобу чыккан. Атталган дарекке барган учурда бул маалымат такталган жок №1240 шайлоо участкасынын жанынан эчкандай “Мерседес-Бенц Спринтер” үлгүсүндөгү автоуна табылган жок.

Бул туралуу жаран [redacted] өз түшүнүгүндө №1240 шайлоо участкасында 2021-жылдын 11-июль күнү өтүп жаткан Бишкек шаардык кеңешине депутаттарын кайталап шайлоодо эч кандай автоуна менен эл ташуу фактысыны көрбөгөндүгүн билдирген.

Андан тышкары [redacted] өз түшүнүгүндө №1240 шайлоо участкасында 2021-жылдын 11-июль күнү өтүп жаткан Бишкек шаардык кеңешине депутаттарын кайталап шайлоодо Мерседес-Бенц үлгүсүндөгү автоунасын көрбөгөндүгүн жана эч кандай элди алып келүү фактысы болбогондугун көрсөткөн.

Жогорудагылардын негизинде МЭЖ №02-002-2021-015288 саны менен катталган маалыматтын алкагында чогулган материалдарды номеклатурдук ишке жөнөтүүгө жатат деп эсептеймин.

Жогорудагылардын негизинде МЭЖ №02-002-2021-015288 саны менен катталган маалыматтын алкагында чогулган материалдарды номеклатурдук ишке жөнөтүлүп, НД-002-2021-005193 саны ыйгарылган.

**Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБнын ЖИБү**